/

**Шапак Рысмендеев атындагы орто мектебинин**

**Локалдык акты, мектептин иштөө режими**

| | |
|---|---|
| | **Билим берүү уюмунун локалдык актылардын мазмуну** |
| **Кызматкерлер менен мамилени калыптандыруучу локалдык актылар** | |
| | Ички көзөмөлдөөнүн эрежелери |
| | Эмгек келишимдери |
| | Жамааттык келишим |
| | Педогогикалык кеңешменин чечими |
| | Билим сапаты үчүн стимулдук бөлүштүрүүлөрдүн тартиби жөнүндөгү же |
| | Эмгек жамаатынын жалпы чогулушунун жобосу |
| | Мектептин кызматкерлеринин эмгегин коргоо инструкциясы |
| | Кызматтык инструкциялар |
| | Ички режимдин эрежелери |

Ички көзөмөлдү усулдук кенешмеде каралып, ал тажрыйбалуу мугалимдер,усулдук бирикменин жетекчилери, мектеп администрациясы ошондой эле көзөмөлдөө кенешинин курамы аркылуу ишке ашат. Мектепте 8 бирикме бар. Мектеп педагогикалык-психологиялык проблеманын **IV** этабында иштеп жатат. Мектепте мугалимдердин өз билимин оркүндөтүү графиги түзүлүп, бекитилген. Мугалимдер алдынкы педагогикалык инновациялык, заманбап тажрыйбаларды пайдалануу менен сабактарда колдонуунун үстүндө иштеп жатышат. Методикалык иштердин планы түзүлгон, жаш мугалимдер менен иштөө дагы талапка жооп бергидей уюштурулган,жылдык план түзүлгөн, насаатчылар бекитилип,жоболор менен тааныштырылып,насаатчы мугалимдердин сабактарына киргизүүнүн графиги түзүлүп, сабактарга кирүү уюштурулган. Мектепте:

1.Башталгыч класстарынын

2.математика, физика, информатика

3.кыргыз тили жана адабияты

4.орус тили жана адабияты

5.биологи,химия,адеп

6.тарых, география

7.көркөм өнөр ,сүрөт,музыка

8. чет тили сабактарынын методикалык бирикмелери иштейт. Декадалардын графиги түзүлүп,график боюнча сабактар өтүлүп анализдер жүргүзүлүп турат. Мугалимдерге методикалык жардам көрсөтүлүп, тренинг, семинар,лекциялар жүргүзүлүп турат. Мектептин жүргүзүлгөн анализинин

Сканировано с CamScanner

негизинде төмөндөгүдөй билим – тарбия берүү максаты коюлду:коллективде жагымдуу маанай түзүү аркылуу окуучулардын жекече жөндөмдүүлүктөрүн ачуу, таанып билүүсүн жөнгө салуу ден соолуктарын бекемдөө.

Жалпы орто билим берүү мекемесинин миссиясы:

Өзүн-өзү өнүктүрүү программасынын негизинде мектептин миссиясы 2014-жылдан 2018-жылга чейин негизги стратегиялык максаты жана анын эффективдүү көрсөткүчтөрүнүн үстүндө иштөө боюнча атайын программа иштелип чыккан.

Мектептин миссиясынын жана программасынын негизги идеясы:

Окуу тарбия процессинде заманбап технологияларды пайдалануу аркылуу окуучулардын билим сапатын жогорулатуу жана компетенттүүлүккө тарбиялоо.

Миссиянын негизги бөлүгү болуп: социалдык активдүүлүк жана гендердик тен укуктуулук, коомдо өзүн-өзү алып жүрүүгө, жашоодо өз ордун таба билүүгө, ар тараптан таланттуу инсандарды тарбиялоого, алган билимдерин жашоодо пайдалана билүү болуп эсептелинет.

Мектептин негизги милдеттери:

- Ата-энелер менен тыгыз иштеп,жакшы билимдерге ээ болгон азыркы коомдо натыйжалуу иштөөгө жөндөмдүү Кыргыз Республикасынын салттарын жана жалпы адамзаттык баалуулуктарынын маданиятын терен сыйлаган, бүтүндөй дүйнөлүк маданиятты жана искусствону түшүнүүгө, баалоого жөндөмү бар бүтүрүүчүлөрдү тарбиялоо.
- Окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн ачуу,окуу таанып билүү ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү.
- Билим берүүнүн сапатынын жогорулашынын негизинде алдынкы заманбап технологияларды, методикалык инновациялык информацияларды колдонууну ишке ашыруу.
- Мектепте “жашоонун сергек мүнөзү” планын иштеп чыгуу менен окуучулар жана мугалимдер арасында “дени сак улут” программасын тажрыйба катары колдонуу.

Ушул түзүлгөн окуу программанын негизинде иш жүргүзүлөт.

Сканировано с CamScanner